# ЭРДИГИ КАЛАТ КЫЛЫМГА!






## Советтер Союзунун Баатыры
## Чолпонбай Түлөбердиевдин 100 жылдыгына арналган иш-чаралар

Чолпонбай Түлөбердиев гитлердик баскынчылар менен болгон айыгышкан кармашта Воронеж облусундагы Георгиу-Дежский районундагы Селявный кыштагын бошотууда 1942-жылы 6-августта душмандын амбразурасын (пулемёттон ок чачып турган дзотту) денеси менен жаап, баатырдык менен курман болгон. Мындай эрдиги үчүн Чолпонбай Түлөбердиевге 1943-жылы 4-февралда "Советтер Союзунун Баатыры" деген наам берилген.

Кыргыз элинин кыраан уулу Чолпонбай Түлөбердиев Кыргыз ССРинин Талас облусундагы Киров районуна караштуу Чымкент кыштагында туулган. Эр жеткенде комсомолго өтүп, колхоздун түрдүү жумуштарында иштеген. 1941-жылы сентябрь айында аскерге чыкырылып, согушка кеткен.



БЕКИТЕМИН
№61 АФММЛ ОКнын
директору
Низовский Ю.Н.
"____" ________2022-жыл

**Бишкек шаарындагы №61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде Чолпонбай Түлөбердиевдин 100 жылдык маарекесин өткөрүү боюнча иш-чаралардын планы**

| № | Иш-чаранын аталышы | Өткөрүү убактысы | Өтө турган орду | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили мугаламдери менен кеңешме өткөрүү. Чолпонбай Түлөбердиевдин 100 жылдык маарекесин өткөрүү боюнча иш-чаралардын планын бекитүү. | 19.04.2022-ж. Саат 12.00 | 410-кабинет | Амандыкова А.Ш. Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары |
| 2 | Класстык саат 5-11-класстарда **"Советтер Союзунун баатыры 100 жашта"** | 23.04.2022-ж. Сабактан кийин | Кабинеттерде | Ратникова М.И. Класс жетекчилер 1-2-смена |
| 3 | Ачык сабактар **"Чолпонбай Түлөбердиев 100 жашта"** | 20-22.04. 2022-ж. Сабак учурунда | Кабинеттерде | Кыргыз тили мугалимдери |
| 4 | **"Эрдиги калат кылымга"** дил баян жаздыруу 9-11-кл. | 22-23.04 2022-ж. | Кыргыз тили кабинеттери | Кыргыз тили мугалимдери |
| 5 | **"Өзү өлсө да, баатыр өлбөйт"** реферат, докладдарды жаздыруу | 26-27. 04. 2022-ж. | Кыргыз тили кабинеттери | Кыргыз тили мугалимдери |
| 6 | Сүрөт жана дубал гезиттеринин көргөзмөсү. **"Чолпонбай Түлөбердиев – Советтер Союзунун баатыры"** 1-7-класстар боюнча | 22-26.04 2022-ж. | Мектептин фойесинде | Кыргыз тили мугалимдери |
| 7 | Мектептин китепканасында көргөзмө, бурчту уюштуруу **"Чолпонбай Түлөбердиевдин өмүр жолу"** | 19-29. 04. 2022-ж. | Мектептин китепканасы | Китепканачы Крайнюкова Г.В. |
| 8 | Чолпонбай Түлөбердиевдин 100 жылдыгына арналган арналган салтанаттуу райондук жана шаардык иш-чараларга катышуу | 2022-жылы График боюнча | План боюнча | Мектептин мугалимдери |
| 9 | Өтүлгөн иш-чара боюнча анализ, отчет берүү, сайтка жүктөп киргизүү | 29-30. 04. 2022-ж. | №61 АФММЛ ОКи | Амандыкова А.Ш. Туюкбаева А.Т. |

Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Амандыкова А.Ш.




Баатырдын жаркын элесине таазим этип, эскерүү үчүн Бишкек шаарындагы №61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде Чолпонбай Түлөбердивдин 100 жылдык маарекесин өткөрүү боюнча иш-чаралардын планы бекитилди жана аларды кыргыз тили мугаламдери уюштурушту.




- «Советтер Союзунун Баатыры 100 жашта» - класстык сааттар 5-11-класстарда өткөрүлдү;
- «Чолпонбай Түлөбердиев 100 жашта»  деген тема боюнча маектешүү сабактары жүргүзүлдү;
- «Эрдиги калат кылымга» 9-11- класстардын окуучулары дил баян жазышты
- «Өзү өлсө да, баатыр өлбөйт» мектептин фойесинде сүрөт жана дубал гезиттеринин көргөзмөсү уюштурулду;






- «Чолпонбай Түлөбердиевдин өмүр жолу» мектептин китепканасында китепканачы Крайнюкова Г.В. балдардын мыкты иштеринин көргөзмөсүн уюштурду;
- « Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиев» темада  кыргыз тили кабинеттеринде бурчтар жасалды.

Мектептин окуучулары активдүү катышып, баатыр жөнүндө маалыматтарды алышып жана өсүп келе жаткан муундарга сабак болду. Окуучулардын мыкты иштери мектептин китепканасындагы көргөзмөсүндө коюлду жана алар кыргыз тили сабагында бааланды.

Чолпонбай Түлөбердиевге, кыргыз элинин баатырына, түбөлүк даңк! Элдин ишенимдүү уулу Түлөбердиев Ата Мекендин даңкына өзүнүн эрдиги менен өзүн жана элин өлбөс-өчпөс даңкка бөлөдү!